КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Медицина чөйрөсүндө адистерди даярдоого мамлекеттик монополияны киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктарынын бири болуп саналат. Медицина чөйрөсүндө кадрларды даярдоо системасын модернизациялоо өзгөчө мааниге ээ, анткени медициналык билим берүүнүн сапаты саламаттык сактоонун улуттук системасынын натыйжалуулугун, жарандар үчүн медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн жана деңгээлин түздөн-түз аныктайт.

Соңку жылдары билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензия алган жеке медициналык билим берүү уюмдарынын саны тездик менен өсүп жаткандыгы байкалууда. Бирок алардын көпчүлүгүндө зарыл болгон клиникалык базалар жок, окутуучулардын кадрдык курамы квалификациялык талаптарга ылайык келбейт, ал эми билим берүү процесси негизинен минималдуу практикалык даярдык менен дипломдорду формалдуу берүүнү гана камтыйт.

Натыйжада жыл сайын билим деңгээли жана практикалык көндүмдөрү төмөн жүздөгөн адистер бүтүүдө, бул медициналык билим берүү системасына ишенимди жоготот жана кыргыз дипломунун эл аралык статусуна зыян келтирет.

Түзүлгөн кырдаал медициналык кадрларды даярдоонун системалуу кризисине алып келет, улуттук саламаттык сактоодо кадрдык жетишсиздикти күчөтөт жана чет өлкөлүк студенттердин мыйзамсыз миграциясын жана мыйзамсыз эмгектенүүсүн кошкондо, улуттук коопсуздук үчүн тобокелдиктерди жаратат.

Келтирилген фактылар медицина чөйрөсүндө кадрларды даярдоо системасын өркүндөтүү боюнча чечкиндүү чараларды көрүү зарылдыгын көрсөтүп турат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Медициналык жана фармацевттик кадрларды даярдоо системасын түп-тамырынан бери өркүндөтүү, аларды кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну камсыз кылуу, саламаттык сактоонун артыкчылыктуу проблемалары боюнча комплекстүү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, билим берүү уюмдарынын ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана алардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына (мындан ары – медициналык Академия) жогорку медициналык жана фармацевттик билими бар адистерди даярдоо, медициналык жана илимий кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча өзгөчө укукка ээ болгон система түзүүчү мамлекеттик жогорку окуу жайынын статусун бекитип берүү менен медицина чөйрөсүндө адистерди даярдоого мамлекеттик монополия киргизилсин.

2. Медициналык Академиянын ишинин негизги милдеттери жана багыттары болуп төмөнкүлөр аныкталсын:

1) жогорку кесиптик билим берүү системасында жогорку квалификациялуу медициналык жана фармацевттик кадрларды даярдоо, аларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

2) билим берүү программаларын улуттук жана эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү, аларды аккредитациялоону камсыз кылуу;

3) клиникалык көндүмдөргө басым жасоо менен практикага багытталган окутуу моделин түзүү, симуляциялык окутууну өнүктүрүү жана билим берүү процессине заманбап санариптик технологияларды киргизүү;

4) эл аралык стандарттардын жана дүйнөлүк мыкты практикалардын негизинде инновациялык окуу программаларын, методикалык материалдарды жана санариптик платформаларды иштеп чыгуу жана колдонуу;

5) саламаттык сактоонун алдынкы мамлекеттик мекемелеринин базасында иштеген окуу жана клиникалык базалардын, медициналык борборлордун жана кафедралардын тармагын кеңейтүү аркылуу теориялык даярдыктын жана клиникалык практиканын туруктуу интеграциясын камсыз кылуу;

6) илимий-изилдөө ишин өнүктүрүү: медицинанын жана саламаттык сактоонун артыкчылыктуу проблемалары боюнча фундаменталдык, колдонмо жана инновациялык изилдөөлөрдү жүргүзүү, трансляциялык медицина борборлорун жана илимий лабораторияларды түзүү;


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

7) медициналык билим берүүнүн, илимдин жана практикалык саламаттык сактоонун өз ара байланышын күчөтүү, илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын саламаттык сактоо системасына киргизүүнү камсыз кылуу;

8) профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын, анын ичинде чет тилдерди билүүнү жана заманбап педагогикалык технологияларды өздөштүрүүнү үзгүлтүксүз жогорулатуу;

9) медициналык Академиянын жана анын бөлүмдөрүнүн материалдык-техникалык базасын модернизациялоо, заманбап жабдуулар менен жабдуу, окуу жана изилдөө борборлорун өнүктүрүү;

10) эл аралык академиялык кызматташтыктын туруктуу системасын түзүү, алмашуу программаларына, биргелешкен билим берүү жана изилдөө долбоорлоруна катышуу.

3. Медициналык Академия Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволук баш ийүүсүндө турат деп белгиленсин. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:

1) саламаттык сактоонун улуттук системасы үчүн кадрлардын заказчысы болот жана медицина жана фармация чөйрөсүндөгү билим берүү ишин лицензиялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат;

2) бүтүрүүчүлөргө квалификациялык талаптарды иштеп чыгат жана киргизет, ошондой эле мамлекеттик билим берүү заказын түзөт жана медициналык тармактын региондук керектөөлөрүн эске алуу менен бүтүрүүчүлөрдү бөлүштүрөт;

3) интернатурадан, ординатурадан жана клиникалык практикадан өтүү, ошондой эле симуляциялык окутуунун заманбап формаларын киргизүү үчүн медициналык Академия менен ведомстволук медициналык мекемелердин (ооруканалардын, клиникалардын, борборлордун) өз ара аракеттенүүсүн уюштурат;

4) медициналык Академиянын материалдык-техникалык базасын бекемдөөгө, билим берүү процессин санариптештирүүгө, илимий-изилдөө жана клиникалык борборлорду түзүүгө көмөк көрсөтөт;

5) окутууга, анын ичинен чет өлкөлүк студенттердин миграциялык мыйзамдарды сактоосуна жана алардын мыйзамсыз эмгектенүүсүн алдын алууга контроль жүргүзөт;

6) медициналык Академиянын эл аралык билим берүү жана изилдөө программаларына катышуусун, билим берүү стандарттарын интеграциялоону жана кыргыз медициналык дипломунун эл аралык деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну координациялайт.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

берүү жана инновациялар министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын жана медициналык Академиянын өкүлдөрүнүн катышуусу менен жеке медициналык билим берүү уюмдарынын лицензиялык, аккредитациялык жана квалификациялык талаптарга шайкеш келишин, анын ичинде кадрдык курамын жана анын квалификациялык стандарттарга ылайык келишин, клиникалык базалардын, окуу жана материалдык-техникалык инфраструктуранын болушун жана абалын изилдөө үчүн ведомстволор аралык комиссия түзсүн.

Ведомстволор аралык комиссиянын жыйынтыктоочу корутундусун 2025-жылдын 1-ноябрына чейинки мөөнөттө берсин;

2) 2025-жылдын 31-декабрына чейин өзүнүн ченемдик укуктук актыларына ушул Жарлыктан келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү киргизсин, ошондой эле ушул Жарлыктан келип чыгуучу мыйзам актыларынын долбоорлорун иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин;

3) 2026-жылдын 1-январына чейин даярдоо программаларына, академиялык курамга, клиникалык базаларга жана жыйынтыктоочу аттестациялоого карата милдеттүү талаптарды камтыган, медициналык жана фармацевттик адистиктер боюнча бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыксын жана бекитсин;

4) 2026-жылдын 1-мартына чейин жогорку медициналык билим берүү уюмдарын, анын ичинде чет өлкөлүк жарандарды окуткан жеке жогорку окуу жайларын төмөнкүдөй критерийлер каралган мамлекеттик аккредитациялоо тартибин иштеп чыксын жана бекитсин:

– билим берүү программаларынын медициналык жана фармацевтикалык адистиктер боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык келишин;

– адистерди даярдоонун сапатын камсыз кылууну (бүтүрүүчүлөрдүн билими, көндүмдөрү, практикалык компетенциялары);

– заманбап материалдык-техникалык базанын жана клиникалык базаларга жеткиликтүүлүктүн болушун;

– профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын (окумуштуулук даражалар, англис тилин билүү, иш тажрыйбасы);

– билим берүүнүн сапатын ички контролдоо системасын киргизүүнү (студенттердин билимин баалоо, жетишүүсүнө мониторинг жүргүзүү, кайра байланыш);

– студенттерди практикалык даярдоо жана стажировкалар үчүн саламаттык сактоо уюмдары менен жөнгө салынган өз ара аракеттенүүнү;


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

– илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана студенттерди илимий-изилдөө жана инновациялык ишке тартууну;

– Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан билим берүү ишин натыйжалуу контролдоону жана көзөмөлдөөнү;

– бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна жана алардын кесиптик адаптациясына мониторинг жүргүзүүнү;

– билим берүү ишин улантуу үчүн аккредитациядан өтүүнүн милдеттүүлүгүн караган аккредитациялоонун этаптуу жол-жобосун белгилөөнү.

5. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген тартиптин негизинде 2026-жылдын 1-июнуна чейин жеке жогорку медициналык билим берүү уюмдарын мамлекеттик аккредитациялоодон өткөрсүн. Белгиленген тартипте аккредитациялоодон өтпөгөн билим берүү уюмдары мамлекеттик үлгүдөгү дипломдорду берүү жана студенттерди кабыл алуу укугун жоготот.

6. Зарыл инфраструктурага ээ, бирок лицензиялык же аккредитациялык талаптарга ылайык келбеген жеке билим берүү мекемелери билим берүү ишин медициналык Академиянын толук академиялык жана методикалык башкаруусунда турган жогорку окуу жайына чейинки даярдоо курстарынын же окуу-клиникалык базалардын форматында гана жүзөгө ашыра алат деп белгиленсин.

7. Мамлекеттер аралык макулдашуулардын алкагында Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин колдонуудагы укуктук абалы сакталсын.

8. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

9. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Н. Жапаров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

## ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О введении государственной монополии на подготовку специалистов в сфере медицины**

Развитие образования в Кыргызской Республике является одним из приоритетов государственной политики. Особое значение имеет модернизация системы подготовки кадров в сфере медицины, поскольку качество медицинского образования напрямую определяет эффективность национальной системы здравоохранения, доступность и уровень медицинской помощи для граждан.

В последние годы наблюдается стремительный рост числа частных медицинских образовательных организаций, которые получили лицензии на ведение образовательной деятельности. Однако большинство из них не располагает необходимыми клиническими базами, кадровый состав преподавателей не соответствует квалификационным требованиям, а образовательный процесс сводится преимущественно к формальной выдаче дипломов при минимальной практической подготовке.

В результате ежегодно выпускаются сотни специалистов с низким уровнем знаний и практических навыков, что подрывает доверие к системе медицинского образования и наносит ущерб международному статусу кыргызского диплома.

Сложившаяся ситуация ведет к системному кризису подготовки медицинских кадров, усугубляет кадровый дефицит в национальном здравоохранении и создает риски для национальной безопасности, включая нелегальную миграцию и незаконную трудовую деятельность иностранных студентов.

Приведенные факты указывают на необходимость принятия решительных мер по совершенствованию системы подготовки кадров в сфере медицины.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

В целях кардинального совершенствования системы подготовки медицинских и фармацевтических кадров, обеспечения их переподготовки и повышения квалификации, проведения комплексных научных исследований по приоритетным проблемам здравоохранения, эффективного использования ресурсов образовательных организаций и укрепления их материально-технической базы, руководствуясь статьями 66, 71 Конституции Кыргызской Республики, **постановляю**:

1. Ввести государственную монополию на подготовку специалистов в сфере медицины, закрепив за Кыргызской государственной медицинской академией имени И.К. Ахунбаева (далее – медицинская Академия) статус системообразующего государственного высшего учебного заведения с исключительным правом подготовки специалистов с высшим медицинским и фармацевтическим образованием, переподготовки и повышения квалификации медицинских и научных кадров.

2. Определить основными задачами и направлениями деятельности медицинской Академии:

1) подготовку высококвалифицированных медицинских и фармацевтических кадров в системе высшего профессионального образования, их переподготовку и повышение квалификации;

2) приведение образовательных программ в соответствие с национальными и международными стандартами, обеспечение их аккредитации;

3) формирование практико-ориентированной модели обучения с акцентом на клинические навыки, развитие симуляционного обучения и внедрение современных цифровых технологий в образовательный процесс;

4) разработку и использование инновационных учебных программ, методических материалов и цифровых платформ на основе международных стандартов и лучших мировых практик;

5) обеспечение устойчивой интеграции теоретической подготовки и клинической практики через расширение сети учебных и клинических баз, медицинских центров и кафедр, действующих на базе ведущих государственных учреждений здравоохранения;

6) развитие научно-исследовательской деятельности: проведение фундаментальных, прикладных и инновационных исследований по приоритетным проблемам медицины и здравоохранения, формирование центров трансляционной медицины и научных лабораторий;

7) усиление взаимосвязи медицинского образования, науки и практического здравоохранения, обеспечение внедрения результатов научных исследований в систему здравоохранения;


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН
№ 250, 28.08.2025

Кол койгон: Жапаров С.Н.

8) регулярное повышение квалификации профессорско-преподавательского состава, включая овладение иностранными языками и освоение современных педагогических технологий;

9) модернизацию материально-технической базы медицинской Академии и ее подразделений, оснащение современным оборудованием и развитие учебных и исследовательских центров;

10) формирование устойчивой системы международного академического сотрудничества, участие в программах обмена, совместных образовательных и исследовательских проектах.

3. Установить, что медицинская Академия находится в ведомственном подчинении Министерства здравоохранения Кыргызской Республики. Министерство здравоохранения Кыргызской Республики:

1) выступает заказчиком кадров для национальной системы здравоохранения и является уполномоченным государственным органом по лицензированию образовательной деятельности в сфере медицины и фармации;

2) разрабатывает и внедряет квалификационные требования к выпускникам, а также формирует государственный образовательный заказ и распределяет выпускников с учетом региональных потребностей медицинской отрасли;

3) организует взаимодействие медицинской Академии с подведомственными медицинскими учреждениями (больницами, клиниками, центрами) для прохождения интернатуры, ординатуры и клинической практики, а также внедрения современных форм симуляционного обучения;

4) оказывает содействие в укреплении материально-технической базы медицинской Академии, цифровизации образовательного процесса, создании научно-исследовательских и клинических центров;

5) осуществляет контроль за обучением, включая соблюдение миграционного законодательства иностранными студентами и предотвращение их незаконной трудовой деятельности;

6) координирует участие медицинской Академии в международных образовательных и исследовательских программах, интеграцию образовательных стандартов и повышение конкурентоспособности кыргызского медицинского диплома на международном уровне.

4. Кабинету Министров Кыргызской Республики:

1) образовать межведомственную комиссию с участием представителей Министерства здравоохранения Кыргызской Республики, Министерства науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики, Министерства юстиции Кыргызской Республики, Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики, Генеральной прокуратуры Кыргызской Республики и



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

медицинской Академии для изучения соответствия частных медицинских образовательных организаций лицензионным, аккредитационным и квалификационным требованиям, включая кадровый состав и его соответствие квалификационным стандартам, наличие и состояние клинических баз, учебную и материально-техническую инфраструктуру.

Итоговое заключение межведомственной комиссии представить в срок до 1 ноября 2025 года;

2) до 31 декабря 2025 года внести изменения в свои нормативные правовые акты, вытекающие из настоящего Указа, а также разработать и внести на рассмотрение Жогорку Кенеша Кыргызской Республики проекты законодательных актов, вытекающие из настоящего Указа;

3) до 1 января 2026 года разработать и утвердить единые государственные образовательные стандарты по медицинским и фармацевтическим специальностям, включающие обязательные требования к программам подготовки, академическому составу, клиническим базам и итоговой аттестации;

4) до 1 марта 2026 года разработать и утвердить порядок государственной аккредитации высших медицинских образовательных организаций, в том числе частных вузов, обучающих иностранных граждан, предусмотрев следующие критерии:

– соответствие образовательных программ требованиям государственных образовательных стандартов по медицинским и фармацевтическим специальностям;

– обеспечение качества подготовки специалистов (знания, навыки, практические компетенции выпускников);

– наличие современной материально-технической базы и доступа к клиническим базам;

– квалификация профессорско-преподавательского состава (ученые степени, знание английского языка, опыт работы);

– внедрение системы внутреннего контроля качества образования (оценка знаний студентов, мониторинг успеваемости, обратная связь);

– налаженное взаимодействие с организациями здравоохранения для практической подготовки студентов и стажировок;

– проведение научных исследований и вовлечение студентов в научно-исследовательскую и инновационную деятельность;

– эффективный контроль и надзор за образовательной деятельностью со стороны Министерства здравоохранения Кыргызской Республики;

– мониторинг трудоустройства выпускников и их профессиональной адаптации;


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Жапаров С.Н.

– установление поэтапной процедуры аккредитации, предусматривающей обязательность прохождения аккредитации для продолжения образовательной деятельности.

5. Министерству здравоохранения Кыргызской Республики на основании утвержденного Кабинетом Министров Кыргызской Республики порядка провести до 1 июня 2026 года государственную аккредитацию частных высших медицинских образовательных организаций. Образовательные организации, не прошедшие аккредитацию в установленном порядке, утрачивают право на выдачу дипломов государственного образца и набор студентов.

6. Установить, что частные образовательные учреждения, обладающие необходимой инфраструктурой, но не соответствующие лицензионным либо аккредитационным требованиям, могут осуществлять образовательную деятельность исключительно в формате довузовских подготовительных курсов или учебно-клинических баз, находящихся под полным академическим и методическим управлением медицинской Академии.

7. Сохранить действующее правовое положение Кыргызско-Российского Славянского университета имени Б.Н. Ельцина в рамках межгосударственных соглашений.

8. Контроль за исполнением настоящего Указа возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

9. Настоящий Указ вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН